# УКУК ҮСТӨМДҮГҮ: КОЛДОНУУЧУЛАР ҮЧҮН НУСКАМА



VENICE COMMISSION
COMMISSION DE VENISE

COUNCIL OF EUROPE
CONSEIL DE L'EUROPE

# УКУК ҮСТӨМДҮГҮ, ДЕМОКРАТИЯ, АДАМ УКУКТАРЫ

**Укук үстөмдүгү, демократия жана адам укуктары — Европа Кеңешинин үч тиреги. Алар өз ара тыгыз байланышкан жана бири-биринен ажырагыс болуп эсептелет.**

- Демократия жарандардын мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга катышууга шарт түзөт;
- Адам укуктары ар бир инсанды анын эркиндигине өзүм билемдик менен жана ашыкча кийлигишүүдөн коргойт жана инсандык кадыр-баркын сыйлоону камсыздайт;
- Укук үстөмдүгүнө негизделген мамлекет коомдук ыйгарым укуктардын колдонулушун жана көзөмөлгө алынышын камсыз кылат.

Укук үстөмдүгү демократияны шарттайт, андыктан ал мамлекеттик бийликке ээ болгондордун жоопкерчилигин белгилейт . Ал көз карандысыз жана калыс сот тутуму аркылуу адам укуктарын сактайт жана азчылыктардын көпчүлүктүн өзүм билемдик менен үстөмдүк кылуусунан коргойт.

**Бул эмне үчүн маанилүү?**

Анык эрежелери жок мамлекет туруксуздукка жана өзүм билемдикке дуушар болот.


Укук үстөмдүгү ар бир адамдын негизги эркиндиктерин коргойт. Ал заманбап демократиянын бекем таянычы болуп саналат.

**Укук үстөмдүгү беш негизги принципке таянат:**

- **Мыйзамдуулук** – Мыйзамдар бардык адамдарга тиешелүү жана бийликти чектейт.
- **Мыйзамдын аныктыгы** – Мыйзамдар так, жеткиликтүү алдын ала баа берүүгө шарт түзөт.
- **Бийликти кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу** – өзүм билемдикке жаткан аракеттерге көзөмөл жүргүзүлөт.
- **Мыйзам алдында теңдик жана басмырлоого жол бербөө** – Мыйзамдар ар бир адамды коргойт жана баарына бирдей колдонулат, ал эми басмырлоого тыюу салынат.
- **Көз карандысыз жана калыс соттун жеткиликтүүлүгү** – ар бир адам өз укуктарын сотто коргой алат.

«Адилеттүүлүк айымы» аттуу иллюстрациялар мальталык сүрөтчү Надин Теума тарабынан тартылган.





# МЫЙЗАМДУУЛУК

## Мыйзамдар бардык адамдарга тиешелүү жана бийликти чектеп турат.


**Укук үстөмдүгүнө таянып башкарылган мамлекетте бийлик органдарынын жана жарандардын аракеттери демократиялык жол менен кабыл алынган мыйзамдар аркылуу жөнгө салынат. Аткаруу бийлигине өз ыйгарым укуктарын чексиз же көзөмөлсүз колдонууга, өз эркин таңуулоого жол берилбейт.**

**Негизги принциптер:**

- Бардык чечимдер мыйзамдын алкагында кабыл алынууга тийиш.
- Мыйзамдар анык жана транспаренттүү демократиялык жол-жоболордун негизинде кабыл алынышы керек.
- Мамлекеттик бийлик органдарынын чечимдери көз карандысыз сот тарабынан каралышы керек. Бийлик Конституцияда белгиленген эрежелерди сактабастан, өзүнө жаңы ыйгарым укуктарды ыйгара албайт.
- Эл аралык конвенциялар жана келишимдер, ошондой эле эл аралык соттордун чечимдери иш жүзүндө аткарылып, сакталууга тийиш.
- Мыйзам натыйжалуу ишке ашырылышы керек.

**Бул эмне үчүн маанилүү?**

Эгерде бийлик мыйзамдын чегинде ишке ашырылбаса, мында ал кыянаттык менен колдонулуп калынышы мүмкүн. Мисалы, бийлик өз каалагандай эркиндиктерди чектеп коюшу ыктымал. Ачык-айкындуулук жана демократиялык жол менен кабыл алынган мыйзамдарды урматтоо — адилеттүүлүктүн жана теңдиктин кепилдиги болуп саналат.



# МЫЙЗАМДЫН АНЫКТЫГЫ


## Укуктук анықтык мыйзамдардын так, жеткиликтүү жана алдын ала божомолдуулулугун камсыз кылат жана ретроактивдүү колдонулбайт.

**Мыйзамдын тактыгы мыйзамдардын ачык-айкын, жеткиликтүү жана колдонулушунун натыйжаларына алдын ала баа берүүгө шарт түзгүдөй болот жана мурунку аракеттерге карата колдонулбайт. Ушунун аркасында ар бир адам өз укуктарын жана милдеттерин алдын ала биле алат.**

**Негизги принциптер:**

- Мыйзамдар жана сот чечимдери жеткиликтүү жана түшүнүктүү болушу керек.
- Мыйзамдар күтүүсүз өзгөрбөшү жана ырааттуу болушу зарыл.
- Адам жасаган иш ошол учурда кылмышка же укук бузуучулукка жатат деп табылбаса, аны айыптап, жоопкерчиликке тартууга жол берилбейт.

**Бул эмне үчүн маанилүү?**
Адамдар ишенимдүү жашай алышы үчүн, өз укуктарын жана милдеттерин билиши керек. Бүдөмүк же тез өзгөрө берген мыйзамдар белгисиздикти жана туруксуздукту жаратат жана адамдарды күтүүсүз жазаларга дуушар кылат.



# БИЙЛИКТИ ӨЗҮМ БИЛЕМДИГИН АЛДЫН АЛУУ


## Өзүм билемдикке жаткан аракеттерге көзөмөл жүргүзүлөт

**Чексиз жана көзөмөлсүз бийлик адилетсиздикке дуушар кылат. Абсолюттук бийликтин ичине өз билемдикке жаткан чечимдер, коррупция жана саясий куугунтук кирет. Мисалы, соттун уруксаты же көзөмөлү жок жүргүзүлгөн ашыкча байкоо же көз салуу адам укуктарынын бузулушуна себеп контрол мүмкүн.**

**Негизги принциптер:**

- Бийликти бөлүштүрүү: бийликтин баары бир органдын колунда топтолбошу керек.
- Жүйөлүү негиздемелерди берүү милдети: мамлекеттик чечимдер жүйөлүү далилдер менен негизделип, түшүндүрүлүшү зарыл.
- Соттук көзөмөл: бардык мамлекеттик чечимдер көз карандысыз жана калыс соттордо талашууга мүмкүн болушу керек.

**Бул эмне үчүн маанилүү?**
Тийиштүү көзөмөл болбосо, бийлик өз билгени боюнча чечимдерди кабыл алып, оппоненттердин сөз эркиндигин чектеп,  жада калса  негизги эркиндиктерден ажыратып коюшу ыктымал. Укук үстөмдүгү мындай өзүм билемдиктердин алдын алуу үчүн коргоо чараларын көрөт.



# МЫЙЗАМ АЛДЫНДАГЫ ТЕҢДИК ЖАНА БАСМЫРЛООГО ЖОЛ БЕРБӨӨ

## Мыйзамдар ар бир адамды коргойт жана баарына бирдей колдонулат, ал эми басмырлоого тыюу салынат.

**Укук үстөмдүгү ар бир адам үчүн мыйзам менен белгиленген бирдей укуктарды жана милдеттерди жана аларга карата мамиледе негизсиз айырмачылыктардын болбошун камсыз кылат.**

**Мыйзам алдындагы теңдиктин мааниси:**

- Адамдар арасында мыйзамда да, аны колдонулушунда да негизсиз айырмачылыктарга жол берилбеши керек.
- Басмырлоонун бардык түрлөрүнөн коргоо чаралары камсыздалууга тийиш.
- Бирдей укуктар жана милдеттер баарына кепилдениши керек.
- Басмырлоого дуушар болгон ар бир адам өзүн коргонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу зарыл.

**Негизги жетишкендиктер – аялдардын шайлоо укугунан мисал**
Европада аялдарга шайлоо укугун кеч берүү тарыхый дискриминациянын мисалы болуп саналат. Финляндия 1906-жылы аялдарга шайлоо укугун берген биринчи европалык өлкө болгон. 1918-жылдан кийин гана ал Европанын көпчүлүк башка өлкөлөрүнө жайылтылган, ал эми Европада жалпы (универсалдуу) шайлоо укугу 1984-жылдан тартып гана толук калыптанган. Бүгүнкү күндө укук үстөмдүгү аялдардын шайлоо укугун гана коргобостон, аларды басмырлоосуз саясий турмушка активдүү катышуусун камсыздайт жана шыктандырат.



# КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ЖАНА КАЛЫС СОТТУН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ

## Ар бир адам өз укуктарын сотто коргой алат

**Көз карандысыз жана калыс сот трибуналынын жеткиликтүүлүгү адамдарга өз укуктарын коргоого мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, Адам укуктары боюнча Европа сотунда жумуштан бошотуу, мүлктөн ажыратуу же ата-энелерге балдары менен жолугушууну чектөө боюнча сотко даттанууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу арыз ээлеринин укуктарын бузат деп белгиленген. Адилеттүүлүктүн өз убагында болуусу жана жеткиликтүүлүгү тең укуктарды коргоодо маанилүү болуп саналат.**

**Негизги принциптер:**

- Ар бир адам сотко кайрылууга жана көз карандысыз жана калыс сот тарабынан адилеттүү соттук териштирүүгө укуктуу.
- Чечимдер жеткликтүү жана айкын түшүндүрүлгөндөй болушу керек.
- Юридикалык кеңештер жана жардамдар муктаж болгондордун баарына жеткиликтүү болушу керек.
- Соттук териштирүүлөр негиздүү мөөнөттө жана ашыкча чыгымсыз жүрүшү зарыл.
- Сот чечимдери аткарулууга жатат.

**Бул эмне үчүн маанилүү?**
Адилеттүүлүккө жетүү мүмкүнчүлүгү болбосо, укуктары бузулган жарандар өз укуктарын коргой алышпайт. Мамлекет бардык адамдар кайрыла ала тургандай көз карандысыз сотторду жана сот тутумдарын уюштурушу керек.


PAX
TIBI
MAR
EVAN
GELI
STA

# ИШ ЖҮЗҮНДӨ УКУК ҮСТӨМДҮГҮ

## Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын ролу

**Венеция комиссиясы мүчө болгон мамлекеттерге мыйзам үстөмдүгүнө байланыштуу принциптерди жүзөгө ашырууга зарыл болгон конституциялык тутумдарды уюуштурууга көмөк көрсөтүп келет. Комиссия ошондой эле “Укук үстөмдүгү боюнча текшерүү тизмесин” сунуштап, белгилүү бир өлкөдө укук үстөмдүгүнө байланыштуу принциптердин канчалык деңгээлде ишке ашып жатканына баа берүүгө шарт түзөт.**

## Венеция комиссиясынын “Укук үстөмдүгү боюнча текшерүү тизмеси”

2016-жылдагы “Укук үстөмдүгү боюнча текшерүү тизмеси” мыйзам үстөмдүгүнүн негизги принциптерин чагылдырган: мыйзамдуулук, мыйзамдык аныктык, бийликтин өзүм билемдигин алдын алуу, адилеттикке жеткиликтүүлүк, теңдик жана басмырлоого жол бербөө. Деталдуу параметрлер жана тиешелүү булактар менен бирге көрсөткүчтөр (benchmarks) түрүндө сунушталган.

Тизмени колдонуу менен өкмөт, парламент, жарандык коом, жарандар жана эл аралык уюмдар белгилүү бир мамлекетте укук үстөмдүгүнө байланыштуу принциптердин канчалык деңгээлде сакталып жаткандыгына баа бере алышат. Бул тизме мамлекет тарабынан чара көрүүнү талап кылган кемчиликтерди жана алсыз жактарын аныктоого жардам берет. Венеция комиссиясы андай кемчиликтер менен алсыз жактарын жоюу боюнча көптөгөн сунуштарды берген.

## Биз кимбиз?

Венеция комиссиясы “Демократия үчүн укук аркылуу комиссия” — Европа Кеңешинин конституциялык укук маселелери боюнча кеңешчиси болуп саналат, курамына көз карандысыз эксперттер кирет.

Аталган орган 1990-жылдын 10-майында италиялык окумуштуу Антонио Ла Перголанын демилгеси менен түзүлгөн. Берлин дубалы кулагандан кийин, ал мурдагы социалисттик өлкөлөргө демократиялык конституциялар менен мыйзамдарды кабыл алууга, андан соң Европа Кеңешине кошулууга көмөк көрсөткөн.

Бүгүнкү күндө комиссия мүчө болгон мамлекеттерге эл аралык стандарттарга шайкеш конституциялык жана мыйзамдык түзөтүүлөрдү иштеп чыгууда колдоо көрсөтөт. Комиссиянын сунуштарын аткаруу Европа Биримдигине мүчөлүккө ээ болуу процессин жеңилдеткен.

## Миссиясы

Венеция комиссиясы, кайрылуулар боюнча жана консультациялык процесстер алкагында улуттук бийлик органдары, мамлекеттик институттар, кызыкдар тараптар жана жарандык коом менен конституциялык жана мыйзамдык реформаларга баа берет. Айрыкча, шайлоо жана сот тутумуна байланыштуу өзгөртүүлөргө көңүл бурат. Комиссия бул өзгөртүүлөрдү жакшыртуу максатында аткарууга милдеттүү эмес сунуштарды берет. Сунуштардын максаты — демократиянын, адам укуктарынын жана укук үстөмдүгүнүн принциптерин сактоого көмөктөшүү, ошондой эле натыйжалуу жана туруктуу башкаруу тутумдарын түзүү.

## Мүчө мамлекеттер

Венеция комиссиясы Европа Кеңешинин 46 мүчөсүнөн тышкары кошумча Америка, Африка жана Азиядан дагы15 өкүлдү камтыйт.

## Эмне үчүн Венеция?

“Демократия үчүн укук аркылуу комиссия” өз аталышын Италиядаг алгачкы жыйыны өткөн атактуу Венеция шаарынын атынан койгон. Комиссия азыр да ошол шаарда жылына төрт жолу жыйын өткөрүп келет.

## 1990–2025 жылдардагы жетишкендиктер

35 жылдык ишмердүүлүгүндө Венеция комиссиясы көз карандысыздыгы, калыстыгы, кесипкөйлүгү жана ар тараптуу иш ыкмаларды колдонуусу менен демократиялык конституцияларды кабыл алууга жана институттардын демократиялуу иштешине көмөктөшүүп, олуттуу таасирин тийгизип келет. Комиссия мүчө мамлекеттерде өзгөчө укук үстөмдүгүнүн принциптеринин сакталышын күчтөндүрүүгө, ошондой эле бийлик бутактарын бөлүнүшүн жана соттордун көз карандысыздыгын бекемдөөгө салым кошту.

- **1000+**: Конституциялык жана мыйзам реформалары боюнча позициялардын жана отчеттордун саны
- **50+**: Комиссиянын жардамы менен иштелип чыккан же каралган конституциялардын саны
- **200+**: Комиссиянын ишине салымын кошкон көз карандысыз укукчу-эксперттердин саны

**Эмнеге үчүн бул баарыбыз үчүн маанилүү?**

**Укук үстөмдүгүнүн мааниси:**

Туруктуу жана тынчтык демократия
Өзүм билемдик менен коштолгон аракеттерден корголгон эркин жарандар
Адилеттүүлүк жана теңдик өкүм сүргөн коом

Иллюстрациялар: Надин Теума

Бардык укуктар корголгон.

Бул басылманын эч бир бөлүгүн Европа Кеңешинин Байланыш башкармалыгынын жазуу жүзүндөгү алдын ала уруксаты жок которууга, көчүрүүгө же таратууга болбойт.

(F-67075 Strasbourg Cedex же publishing@coe.int).

Сүрөттөр © Европа Кеңеши

Европа Кеңеши тарабынан жарыяланган

F-67075 Strasbourg Cedex

**www.coe.int**

© Европа Кеңеши, 2025, июль

**Венеция комиссиясынын вебсайты**
https://venice.coe.int


BUQUICCHIO

Бул китепчеде укук үстөмдүгүнүн негизги принциптери, тактап айтканда, мыйзамдуулук, мыйзамдын аныктыгы, бийликтин өзүм билемдигин алдын алуу, мыйзам алдында теңдик жана адилеттикке жеткиликтүүлүк каралат. Бул принциптер демократия жана адам укуктарынын негизин түзүп, жоопкерчиликтүү башкарууну, жеке эркиндикти жана коомдук адилеттүүлүктү кепилдейт. Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы аркылуу мамлекеттерге бул стандарттарга ылайык иш кылууга жана жарандарды бийликтин өзүм билемдигинен коргоого кандайча жардам берээри тууралуу билип алыңыз. Сиз ким болбоңуз, саясатчы, студент же кайдыгер эмес жаранбы, бул колдонмо укук үстөмдүгү эмне үчүн маанилүү экенин жана ал биздин эркиндигибизди күн сайын кантип коргой тургандыгын ачыктайт.

KIR

**www.coe.int**

The Council of Europe is the continent's leading human rights organisation. It comprises 46 member states, including all members of the European Union. All Council of Europe member states have signed up to the European Convention on Human Rights, a treaty designed to protect human rights, democracy and the rule of law. The European Court of Human Rights oversees the implementation of the Convention in the member states.

VENICE COMMISSION
COMMISSION DE VENISE

COUNCIL OF EUROPE
CONSEIL DE L'EUROPE